DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Канназарова Б.У.*

# СОГДУЛУК КЫРГЫЗДАРДЫН МАЛ ЧАРБАЧЫЛЫГЫ ЖАНА МАЛДЫН ЖҮНҮН ЖАНА ТЕРИСИН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИГИНДЕ ПАЙДАЛАНУУСУ

*Канназарова Б.У.*

# СКОТОВОДСТВО СОГДИЙСКИХ КЫРГЫЗОВ И ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ШЕРСТИ И КОЖИ СКОТА В БЫТУ

*B.U. Kannazarova*

# PASTORALISM OF THE SOGDIAN KYRGYZ AND THE USE OF WOOL AND ANIMAL SKIN IN EVERYDAY LIFE

*УДК: 39.308*

*Бул макалада коншулаш Тажик Республикасынын Согд областынын Исфара, Канибадам жана Шахристан райондорунда жашаган кыргыздардын мал чарбачылыгы жана малдын жүнүн, терисин турмуш-тиричилигинде эзелтеден бери пайдаланып келгендиги тууралуу жазылды. Өзгөчө малды кароо, мал базарларда малды алуу жана сатуу, соодадагы далдалчылардын орду жана ролу, мал жандыктарынан алынган продукцияны өздөрүнүн турмушунда азык түлүк, буюм катары пайдалунуусу, жүндү пайдаланууда кийиз, килемдердин токулушу жана колдонулушу, терини иштетүүдө пөстөкөрдү, тондорду жасоонун жолу жана малдын жүнүн түстөргө боенун үй шартында жасоонун жолдору берилди. Малдын жүнүнөн жасалган буюмдардын өзүнүн улутук каада-салтында колдонуунун жолдору да көрсөтүлдү. Төрт түлүк малдын ичинен этникалык кыргыздар жылкы, кой, уйга өзгөчө мамиле жасашкандыгы, жылкы согдулук кыргыздардын негизги унаасы катары жана кой, уй, эчкинин эти менен сүтү тамак-аш, териси буюм катары пайдаланганды гы киргизилди.*

***Негизги сөздөр**: Согду, жайыт, малчылык, килем, турмуш-тиричилик, кыргыздар, жүн, тери.*

*В этой статье написано про скотоводство этнических кыргызов проживающих в Согдийской области Республики Таджикистан в районах Исфара, Канибадам и Шахристан. Особенно указаны приобретение, купля-продажа скота на скотовых рынках, место и роль далдалчы. Использование скотовой продукции как источник пищи, промышленное сырье. А также указаны рукодельные изделия сделанные из шерсти скота войлок и ковроткачество. Покраска кожи и шерсти в домашних условиях в различные цвета. Использование шерстяных и кожаных вещей в национальных традициях. Из четырех продовольственных животных этнические кыргызы с особенностью относятся к лошадям и овцам. К домашнему хозяйству лошади использовались в качестве основных транспортных средств кыргызов, а молоко овец, коров и коз в качестве продуктов питания, а шкуры использовались как бытовой материал.*

***Ключевые слова:** Согд, пастбище, скотоводство, ковер, быт, кыргызы, шерсть, кожа.*

*This article is about cattle breeding of ethnic Kyrgyz living in the Sogd region of the Republic of Tajikistan in the districts of Isfara, Kanibadam and Shahristan. Particularly indicated are the purchase, sale of livestock in livestock markets, the place and role of the daldalchy. The use of livestock products as a source of food, industrial raw materials and labor. Also indicated are needlework made from sheep's wool, goats, felt and carpet weaving, from leather and fur coat. Painting leather and wool in various colors at home. The use of woolen and leather items in national traditions. Four food animals, ethnic Kyrgyz are particularly concerned with horses and sheeps. For household horses were used as the main vehicles of the Kyrgyz while the milk of sheeps, cows and goats were used as food. Hides were used as household material.*

***Key words:** Sogd, pasture, cattle breeding, carpet, everyday life, Kyrgyz, wool, leather.*

Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирген кыргыз эли өзүнүн көчмөн жашоо-тиричилигинде көбүнчө көчмөнчүлүккө ылайыктуу туракжайларды, кийим-кечелерди, тамак-аштарды, чарбаны тутунуп жана аларга гана мүнөздүү кол өнөрчүлүктү өнүктүрүп келишкен. Сунушталып жаткан макалада кол өнөрчүлүктүн, анын ичинде малдын жүнүн, тери иштетүү кыргыз элинин мал чарбасында негизги орундардын бирин ээлеп келгендигин Согдулук кыргыздардын турмуш-тиричилиги аркылуу далилдеп берүүгө аракет жасалды.

Кыргыз эли табиятынан жаратылышка жакын жашап, аларга тең ата мамиле кылып, коромжу, ысыраптан ыраак болуп келишкен. Көчмөн, жарым көчмөнчүлүк жашоо мүнөзү менен айырмаланып жана өзгөчөлөнүп келген согдулук кыргыздар колдо багылган малдын жүнүнөн, терилеринен килем, кийиз, пөс-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



төк, камыр жууру жана нан жасоо үчүн супра, кийимдин түрлөрү, идиш-аяктар, ат жабдыктар, курал-жарактар жалпылап айтканда, турмуш-тиричилик буюмдары жасалып, жашоосунун ажырагыс бир бөлүгүнө айланган. Ал эми коомдун өнүгүшүнө жараша кылымдар бою колдонулуп келген буюмдар азыркы мезгилде пайдалануудан чыгып, өздөрүнүн баалуулуктарын жоготуп бара жаткандыгын белгилеп кетсек болот.

Төрт түлүк малдын ичинен этникалык кыргыздар жылкы, кой, уйга өзгөчө мамиле жасашкан. Жылкы согдулук кыргыздардын негизги унаасы болгон. Жылкы, кой, уй, эчкинин эти менен сүтү тамак-аш катары пайдалангылган, териси да колдонулган [АТМ. 1].

Өзгөчө Исфара, Канибадам, Шахристан райондорунда жашаган кыргыздар жылкы, уй, кой өндүрүү менен алектенишет. Согдуда жайыттар тартыш болуп, жердин көбүн сугат жерлер түзөт. Мал кармоо үчүн кенири жайыт талап кылынгандыктан эчки, топоз дээрлик кармалбайт.

Дыйканчылык менен кошо малчылык этникалык кыргыздардын негизги кесиби болгондуктан атайын мал базарлары да бар. Мал базарларда төрт түлүк малдын баары сатылат. Мал сатууда же алууда далдалчы негизги ролду ойногон. Ал соодада сатуучу менен кардарды макулдаштыра турган адам болгон. Базарда өздөрү табышып, кымбат сурап, арзан берип жаткан эки кишинин ортосуда өзү эле аралашып, экөөнү эпке келтирип, калыста соодалап жиберген. Базар салтында сатуучу да, алуучу да далдалчыга аздан акча-тыйын ширенкана беришкен. Алар ар күнү эртеден базар тараганга чейин жүргөндүктөн, кесип катары эсептелинген [1, 119-б.].

Килем, кийиз, пөстөктөрдү жасоо аялдардын негизги кесиби катары эсептелинет. Аялдар малдын жүнүнөн үй ичинде колдонуучу килемдерди (арави, түк (жүл) килем), кийиз, терме таарларды, ала каптарды, покчолорду даярдашып, малдын терисинен пөстөктөрдү, супраларды жасашат. Ошондой эле ийрилген малдын жүнүнөн байбак токушкан.

Килемге жергиликтүү (жайдары) малдын койдун (жайдары жана беронос), көк түстөгү кылкандуу эмес эчкинин жүнүн пайдаланышат. Жүндү өздөрү өстүргөн малдан же жергиликтүү базарлардан алышкан. Килем согуу, кийиз, пөстөк жасоо кыргыздардын турмушунда негизги ролду ойнойт. Буга далил кыргыздардын каада салтында колдонулгандыгы кездешет. Мисалы уул үйлөп, кыз берүүдө кыз себине сөзсүз арави, түк килемдери, кийиз берилген. Кыздын энеси куда болгон тарапка атайын кийит (сарпай) даярдап, жүндөн ийрилип, токулган покчонун ичине ала келген. Покчону ачып, үстүндө куда тарапка сый көрсөтүлүп кийит кийгизилген. Андан кийин куда тарап покчонун үстүнө акча таштаткан. Покчого канчалык акча көп түшсө ошончо кудайгыйдын кадыр-баркы көтөрүлгөн. Покчо ар бир үйдө жүк астында колдонулуучу негизги буюм катары эсептелинет. Ал эми күйөө баланы чакырууда "кийиз салуу" деген салты да бар. Кайын энеси даярдаган жаны кийиздин үстүнө күйөө баланы олтургузуп кийит кийгизген. Ошондой эле маркумду узатууда да кийизге орошуп чыгарышкан.

Килем, кийиз, пөстөктөрдү атайын ууз чебер аялдар жасашкан. Килемдин өлчөмү узуну анын үйдөгү орундуктагы жайына жараша жасалат. Мисалы туурасы 2 м 60 см, узуну 3 м 80 см болгон. Килемди баштоодо алгач ашатама коюлган. Аштама узуну жана туурасынын атайын жыгачтан бири-бирини кийгизилип жасалган тирөөч. Андан кийин атайын ийрилген эриш-аркак чалыш формасында жүгүртүлгөн. Эриш жүгүртүүдө аштаманын эки башына эки аял олтуруп, дагы бир аял жипти ал учу менен берки учуна карай алып барып келген. Мындай учурду килемди жүгүрүү учуру деп атап коюшкан. Килемдин жибинин саны анын түшүрүлгөн көчөтүнө жараша болгон. М: арави килемге жуп санда жип жүгүртүлгөн. Эң чоң арави килемге 440 жип жүгүртүлсө, жүл килемге тескерисинче так жип жүгүртүлгөн. Эң чоң түк килемге 503, 505ке чейин жип жүгүртүлөт. Арави килемден айырмаланып түк килемде эриш менен кошо аркак керектелген. Арави килемге 4 кг. эриш, ал эми түк килемге 5, 6 кг эриш-аркак жумшалат. Орточо өлчөмдөгү арави килемге 7 кг кара жүн, 8 кг ак жана көк түстөгү жүн, түк килемге 9 кг кара, 9 кг ак жана көк жүндөр керектелет.

Килемдин эриш-аркагы толук жүгүртүлүп бүткөндө күзүк коюшкан. Күзүк эриш аракты чалыштап берүүчү функцияны аткарган. Күзүккө жардамчы жыгачы болот.

Килемди төрт аялга чейин олтуруп токушкан. Токууда токмоктор керектелген. Токмоктор атайын өрүктөн жыгач усталар тарабынан жасалган. Килемди бат бүтүрүү үчүн жардамга алгоочуларды чакырган. Алгоого олтурган адам өзү килем курганда башкалар да ага жардам берген же алгоого олтурган. Ошондуктан килем кура турган адам башкаларга алгоосун өткөрүп койгон. Бара-бара килем токуу кеспке айлана баштаган. Бир арави килемди бүтүрүү 5-6 күнгө созулса, түк килемдики 10-12 күнгө чейин жеткен. [АТМ. 2].

Килем согууда да өзүнүн ырым-жырымдары

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



болгон. Кыргыздар килемди жакшы максаттар, тилектер менен жасашкан. Килемди жакшылык ишине багыштап курушкан. Килем башталардан алдын атайын аксакалды чакырып, мал союшуп бата алышкан. Эгерде бой жеткен кыздын себине арналып килем курулса үй ээси боорсок жасап, килем башына байбичени олтургузуп турмушка узартыла турган кыз ушул байбичедей болсун деген ак ниет-максатта ага жоолук салышкан. Жакшылык иштин жышааны деп куттуктап колу-коншулары, туугандары досторкон даярдап келишкен. Эгерде кызга куда тарап сөйкө салып койсо анда алар мал жетелеп келишкен. Женелер үйлөнө элек кайныларына же бирөөнүн жалгыз баласына, үйлөнүп балалуу боло электерге атап килемдин түрүнөн атайын куурчак жасап тартуулашкан. Максаты ушул үйлөнө элек жигиттердин бактысы ачылсын же көп балалуу болсун деп тилешкен. Ал эми куурчакты алгандар килем токуучуларга ар кандай ширин-диктерди алып келип беришкен. Ошондой эле килем көргөнү келген адамдар килемчилерге түрдүү даамдарды же тамактарды жасап келген. Бул боюнча тарых илимдеринин кандидаты Ч. Сатыбалдиева өзүнүн “Традиционное ворсовое ковроткачество кыргызов” деген макаласында мындай деп жазган: “Кыргыздардын килем токуу процессинин башынан аягына чейинки мезгили ар кандай элдик салттар жана ырым-жырым, жөрөлгөлөр менен коштолуп турат. Ушундай жөрөлгөлөрдүн бири кыргыз элинде “учук салмай”, “учук таштамай”, “папик таштамай” деп аталып келет. Учук – бул жүндөн жасалган атайын унааларга ат болобу же машина болобу коoздук иретинде тагылып коюлуучу аяк жагы чачылуу, ал эми баш аягы чыйралып өрүлгөн кооздук буюм” деп берилген [2, 188-189-бб.].

Балдардын тушоо кесүүсүндө да килемдерди колдонушат. Жаш наристени килемдин үстүнө коюп жаш балдарды жүгүртүшөт. Негизи килемдин үстүндө канча бала чуркап ойносо ошончо ал касиеттүү болот деген ишеним бар кыргыздарда. Жергиликтүү элдердин айтуусуна караганда жаш балдарды килемдин үстүндө отургузуу анын ден-соолугуна да пайдасы көп деп эсептешет.

Килемге керектүү жабдыктар аштама, күзүк, токмок, эриш-аркак, малдын ак, көк, кара жүнү керектелет. Килемге панис көчөт, кайкалак, атиргүл, өпкө, шахмат, жылдыз, кош канат, гаажыр канат деген аталыштагы саймаларды (көчөттөрдү) түшүрүшкөн. Килемдеги айлана, гаажыр көчөттөр биримдиктин символу катары эсептелген. Ак түстөгү жүндү кызыл, жашыл өңдөргө боешсо, көк түстөгү жүндү кызылга боелгондо ток кызыл түстү берген. Кара, күрөн түстөрдү кара түскө боешкон. Илгери килемдерди түскө боедо красканы (ыран) өсүмдүктөрдөн алышкан. М: Карачекененин тамырынан кочкул кызыл, жангактын сыртынан кара, исперек чөптөн, анардын кабыгынан сары түстөрдү алышкан. Алгач буларды сууга салып дымдап коюшкан. Анан кайнатып сүзүп алышкан. Калган суюктукту ыран катары пайдаланышкан. [АТМ. 3].

Килем жасоодо койдун жүнүн иштетилсе, кийиз жасоодо жаш козунун жунун пайланышкан. Кийиз жасоо – козунун тытылган жүнүнөн тыгыздалып басылып жасалат. Кийиз абдан жумшак келет. Кийиз жасоодо алгач жүн үлпүлдөтө сабалып, тытылып, жайылган чийдин бетине текшилип салынып, ысык суу себеленип уютулат. Уютулган жүн чийи менен оролуп, сыртынан бир же эки жерине бакан кошо таңылып бекем чырмалгандан кийин бир нече киши тоголотуп тепкилейт. Андан кийин үч же төрт аял тизелеп катар олтуруп алып четинен улам тугурактап билектеп басат. Анда да аз-аздан суу себилип турат. Кийиз улам кайнак суу куюлуп бышырылат. Мындай кийиз бышык болот.

Пөстөк – малдын терисинен жасалган жерге салынуучу төшөнчү. Мында жаны союлган койдун терисин тазалап, туздуу айранды куюп күнгө кургатышат. Кургатылган пөстөктү кесип формага келтирип ар кандай түстөргө боешкон. А.Абдиеванын “Кыргыздардын тери иштетүүдө өсүмдүктөрдү пайдалануусу (XIX к. аягы XX к. баш. Баткен жергесинин талаа материалдарынын негизинде)” деген макаласында терини иштетүүдө жана боедо өсүмдүктөрдү пайдалангандыгы туурасында жазылган. Анда “Терини жана булгарыны иштетүүдө өсүмдүктөрдү колдонуу орчундуу орунду ээлеп келген жана азыркы мезгилде да маанилүү болуп саналат. Өсүмдүктөрдү пайдалануу менен териден даярдалган продукция өнүнө чыгып, сапаты жогору болгон. Эзелтеден терини жана булгарыны боедо кыргыздар ышкындын тамырын жана анардын кабыгын колдонушуп, сары жана кызгылт сары түс беришкен. Боек берүүчү өсүмдүктөрдү кайнатып, зыгыр майын кошуп, чон идишке кошулманы куюп, теринин бир нече күн чылап коюшкан” [3].

Согдулук кыргыздар жүндөн жасалган кийиз, килемдерди Тажикстандын “Панчшанбе” базарына алып барып сатышкан. Орточо эсеп менен базардагы баасы 15 минден 30 миңге чейин бааланган. Акчасына кайра килемге керектелүүчү пахтадан жасалган эриш-аркак ала келишкен.

Албетте башка элдердин дагы өздөрүнө тиешелүү болгон жүндү, терини иштетүү өнөрү жок эмес. Бирок аларда жүндү иштетүү, килем жасоо согдулук кыргыздардыкынан айырмаланып турат. Негизинен

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Тажик Республикасынын Согду областы Кыргызстандын азыркы Баткен областынын райондору менен чектешип турат. Жергиликтүү этникалык кыргыздар Баткен, Лейлек райондорунда жашаган кыргыздар менен туугандык байланыштары да бар. Мисалы Исфара районунда жашаган кыргыздар Баткен районун Кызыл-Бел, Лейлек районунун Катран, Арка айылдары менен, Канибадам району Лейлек районунун Арка, Достук, Маргун, Дархум айылдары, Шахристан районунун Бөрөгөн, Мукур айылындагы кыргыздар Лейлек районунун Ак-Суу айылдары менен тыгыз байланышта болушат. Ошондуктан бул жакта жүндү, терини иштетүүдө, килем токууда окшоштуктар көп кездешет.

**Адабияттар:**


1. Джапанов А. Кыргыз элинин каада-салты (Энциклопедия). - Бишкек, 2015.
2. Известия вузов Кыргызстана, №12, 2017-ж. - 188-189-бб.
3. Сатыбалдиева Ч.Т. Традиционное ворсовое ковроткачество кыргызов. / Известия вузов Кыргызстана, №12, 2017-ж. - 188-189-бб.


**Маалымат бергендер:**

1. Давлатов Аскар Халыкулович, Бөрөгөн айылы, бөксө уруусу 73 жашта;
2. Жаманбаева Айкөл. 76 жашта. Исфара району, Данахол айылынын туругуну;
3. Жабборова Кызылай, Казнак айылы, бөксө уруусу, 70 жашта.